**Филология жана маданияттар аралык коммуникация институтунун 2025-жылдын 30-сентябрында болуп өткөн Окумуштуулар кеңешинин протоколунан**

**к ө ч ү р м ө**

Төрага: Шаимкулов О.

Катчы: Заирова Н.

Катышканы – 33

Катышпаганы - 6

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

**3. Ар түрдүү маселелер**

ОшМУнун Филология жана маданияттар аралык коммуникация институтунун ЛОКАЛДЫК ЭТИКАЛЫК КОМИССИЯСЫН (PhD докторантура, Филология-531000) түзүү боюнча

**Угулду**: ФжМАК институтунун директору, доцент О.А.Шаимкулов илимий изилдөөлөрдүн этикалык принциптерин сактоо, окутуучулар менен докторанттардын академиялык ак ниеттүүлүгүн көзөмөлдөө максатында Локалдык этикалык комиссияны (PhD докторантура, Филология-531000) түзүүнүн зарылдыгын белгиледи. Проф. К.Зулпуаров, С.Момуналиев, Г.Мадмарова, доц. Б.Тургунбаева, А.Кайкыбашева ж.б. өз пикирлерин билдиришти. Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдошту жана төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

3.1. ОшМУнун Филология жана маданияттар аралык коммуникация институтунда Локалдык этикалык комиссия түзүлсүн.
3.2. ОшМУнун Филология жана маданияттар аралык коммуникация институтунун Локалдык этикалык комиссиясынын курамы төмөнкүдөй бекитилсин:
Төрайым: Филология илимдеринин доктору, профессор Мадмарова Г.А.
Мүчөлөрү:
1) Филология боюнча PhD, доцент Акматова А.А.

2) PhD программасынын жетекчиси, филос.и.к., доцент Ысмаилова Р.А.

3) Ф.и.к., доцент Кулубекова А.О.
4) Ф.и.к., доцент Кабылов Т.Б.

3.2. Бул чечимди колдоп берүү жагы университеттин Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Төрага Шаимкулов О.

Катчы Заирова Н.

**Көчүрмө анык.**

Катчы: Заирова Н.

ОшМУнун Филология жана маданияттар аралык коммуникация институтунун ЛОКАЛДЫК ЭТИКАЛЫК КОМИССИЯСЫН (PhD докторантура, Филология- 531000) № 1- , протоколунан

**Көчүрмө**

10.10.2025. Күнү, айы, жылы

Өткөрүлгөн жери: ОшМУнун Филология жана маданияттар аралык коммуникация институту, чет тилдер болүмү, 309-ауд

Катышкандар: Локалдык этикалык комиссиясынын (PhD докторантура, Филология- 531000) мүчөлөрү

Жалпы саны: 5

Күн тартибиндеги маселе:

1. **«Ош мамлекеттик университетинде философиянын доктору (PhD) тармак боюнча докторду даярдоонун этикалык стандарттары жөнүндө»** жобону талкуулоо

1-**маселе боюнча:**

**Угулду**: Филология илимдеринин доктору, профессор Мадмарова Г.А.(PhD) тармак боюнча докторду даярдоонун этикалык стандарттары жөнүндө» жобону талкууга коюп тааныштырып чыкты.ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отурумунун чечими менен 2024-жылдын 30-октябрындагы №2 протоколу, 06.11.2024-ж. №6266- ФХД/24 буйругу менен бекитилген жобо менен тааныштырды. Бул жободо ОшМУда философиянын докторун PhD/тармак боюнча докторду даярдоодо этикалык стандарттардын жалпы жоболору, принциптери жана концепциялары каралган. Этикалык изилдөөнүн негизги принциптерине илимий ишмердүүлүктөн пайда алуу принциби, изилдөөнүн катышуучуларын адилеттүү тандоо принциби, субъекттин инсандыгын жана өз алдынчалыгын урматтоо принциби киргендигин белгиледи.

**Угулду**: Комиссиянын мүчөсү Филология-531000, PhD программасынын жетекчиси, филос.и.к., доцент Ысмаилова Р. А. Бул Жобо илимий изилдөөлөрдүн, басылмалардын этикалык стандарттарын жана академиялык чөйрөдөгү мамилелерди жөнгө салаарын жана этикалык изилдөөнүн негизги принциптерине илимий ишмердүүлүктөн пайда алуу принциби, изилдөөнүн катышуучуларын адилеттүү тандоо принциби, инсанды жана субъекттин автономиясын сыйлоо принциби кирээрин баса белгилеп кетти.

**Угулду**: Филология илимдеринин доктору, профессор Мадмарова Г.А.(PhD) тармак боюнча докторду даярдоонун этикалык стандарттары жөнүндөгү

жободо эске ала турган төмөнкү маселелерди белгилеп кетти: "Этика" – адеп-ахлак жана адеп-ахлактын маңызы, мыйзам ченемдүүлүктөрү жана иштөөсү жөнүндөгү философиялык илим. Башкача айтканда, бул адамдардын белгилүү бир тобунун жүрүм-турумунун нормалары жана адеп-ахлактык абалы. Илимий этика – бул дагы окумуштуулар илимий ишмердүүлүктө карманган, илимдин иштешин камсыз кылган моралдык принциптердин жыйындысы. Изилдөө этикасы – бул окутуучулук жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн контекстинде негизги этикалык принциптерди иштеп чыгуу. Этикалык дилемманы жана этикалык стандарттарды бузуу тобокелдиктерин таануу көндүмдөрүн өнүктүрүү, ошондой эле этикалык принциптерди бузуунун кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү кесепеттери жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу экендиги жободо каралганын ар бир программада иштеп жаткан окумуштуулар жана докторанттар билүүсү зарыл экендигин белгилеп кетти.

Комиссиянын калган мучөлөрү дагы (PhD) докторду даярдоонун этикалык стандарттары жөнүндө» жобону илимий жетекчилердин жана докторанттардын эске алып иш жүргүзүлүүсүн белгилеп кетишти.

**Чечим:** (PhD) докторду даярдоонун этикалык стандарттары жөнүндө» жобону эске алуу менен иш жүргүзүлсүн.

Төрайым: ______________ Филология илимдеринин доктору,
профессор Мадмарова Г.А.

Катчы: ______________ докторант Абдиева А.И.